# КҮНӨӨЛӨР ҮЧҮН КАНТИП КЕЧИРИМ АЛУУГА БОЛОТ?

*Төрт руханий мыйзамдар*

**1. Көйгөйдү түшүнүп, аны чечиңиз.**

Көйгөй, албетте, Кудайда эмес. Ышайа пайгамбар бул тууралуу так айтат: *«Куткарыш үчүн Тенирдин колу кыскарган жок, угуш үчүн Анын кулагы катуу болуп калган жок. Бирок мыйзамсыздыгыңар силерди Кудайыңардан бөлүп салды. Ал силерди укпаш үчүн, силердин күнөөңөр Анын жүзүн силерден буруп жатат» (Ышайа пайгамбардын китеби 59: 1, 2).*

Ышайа бул үзүндүдө көйгөйдүн маңызын ачып берет. Биз күнөөлөрүбүздүн айынан Кудай менен мамилелеше албайбыз. Адамзат тарыхынын башында алгачкы адамдар Адам менен Обо Кудайга тил алышкан эмес. Ушунун натыйжасында, Андан бөлүнүп, түбөлүк өмүрдөн кол жуушкан. Алардын тукуму да жамандык кылууну улантып, Кудайдын каарына калып, айыпталган (Мусанын биринчи китеби: Башталыш, 3-8-бөлүмдөрдү караңыз).

Ыйык Жазуу адамдардын жүрөктөрүнө төмөнкүдөй кайгылуу, бирок акыйкат мүнөздөмө берет: *«Адамдын ойлору жаш чагынан эле жаман» (Мусанын биринчи китеби: Башталыш 8, 21).* Ошондой эле Забур 50, 7-ни караңыз.

Буга Кудай-Теңирдин ыйыктыгы салыштырылат: *«Ысрайыл уулдарынын жамаатына мындай деп жарыяла: «Ыйык болгула, анткени Мен, Кудай-Теңириңер, ыйыкмын» (Мусанын үчүнчү китеби: Лебилер 19, 2).*



Кудай ыйык, Ал күнөөгө чыдап тура албайт! Ошондуктан күнөө көйгөйүбүз чечилмейинче, Кудай биз менен тыгыз мамиле түзө албайт. Күнөө менен Кудайдын ыйыктыгы — кошулгус же эч качан элдешкис келишпестик. Биздин күнөөлөрүбүз Кудайдын адил каарын кайнатат. Эмне үчүн? Анткени *«Сенин таза көздөрүң кыянат иштерди карап тура албайт, Сен мыйзамсыздыкты карап тура албайсың» (Хабакук пайгамбардын китеби 1, 13).* Ошондой эле, Кудайдын ыйыктыгы адам жерде кандай жашаганына жараша калыстык менен тиешесин берерин билдирет. Кудайдын эрки менен жашагандар түбөлүк өмүргө ээ болушат, ал эми Кудай менен элдешпегендер болсо, түбөлүк тозокко түшөт: *«Топуракта уктап жаткандардын көбү ойгонот, бири түбөлүк жашаш үчүн, бири уятка калып, түбөлүк кордолуш үчүн ойгонот» (Даниел пайгамбардын китеби 12, 2).* Биз күнөөкөр абалыбыздан кантип кутула алабыз? Жакшылык кылып же кандайдыр бир диний эреже, каада-салттарды кармоо мененби?




Жок, биз өз күчүбүз менен көйгөйүбүздү чече албайбыз. Дөөт падыша төмөнкүчө сыйынып жатканда муну түшүнгөн: *«Өз кулуң менен соттошпо, анткени Сенин алдыңда бир да тирүү жан актала албайт» (Забур 142, 2).*



Тооратта жазылган осуяттарды аткарган күндө да бизге ал жардам бербейт. Ооба, Тооратты бизге Кудай Өзү берген жана ал бизге Анын ыйыктыгын жана туура жашоо образын көрсөтүп берери да туура. Бирок так ошол себептен Тоорат бизге каршы күбө болуп, бизди айыптайт. Муса бул тууралуу мындай дейт: *«Бул мыйзам китебин алып, Кудай-Теңириңердин, келишим сандыгынын оң жагына салып койгула, ал ошол жерде сага каршы күбө болот. Анткени мен сенин өжөр жана тоң моюн экениңди билем. Азыр мен силер менен бирге жашап жатканда да, силер Теңирдин алдында өжөрсүңөр. Мен өлгөндөн кийин, силер ого бетер күчөйсүңөр» (Мусанын бешинчи китеби: Мыйзамды Кайталоо 31, 26-27).*

Бизге Синай тоосунда берилген келишим бузулган! Биз аны күнөөлөрүбүз менен бузганбыз. Бизде бир эле үмүт бар, ал — Жаңы Келишим, ал гана биздин күнөө көйгөйүбүздү чече алат. Негизинен, бул үмүт тууралуу Муса өзү айткан. Ал «жүрөктүн сүннөтүнө» таянган: *«Өмүр сүрүшүң үчүн, Кудай-Теңириң сенин жүрөгүңдү жана укум-тукумуңдун жүрөгүн Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң, жан-дилиң менен сүйө тургаң кылып өзгөртөт» (Мусанын бешинчи китеби: Мыйзамды Кайталоо 30, 6).*

Чындыгында, Кудай Өзүнүн улуу ырайымы менен мындай келишим түзүлөрүн убада кылган: *«Мына, күндөр келе жатат, — дейт Теңир,— ошол күндөрү Мен Ысрайыл жана Жүйүт менен жаңы келишим*

*түзөм. Бирок бул келишим алардын ата-бабалары менен түзгөн келишимимдей эмес. Мен ал келишимди алардын ата-бабаларын Мисир жеринен алып чыгыш үчүн, аларды колдорунан алган күнү түзгөм. Мен алар менен түзгөн келишимимди бузбасам да, алар Менин ошол келишимимди бузушту,— дейт Теңир» (Жеремия пайгамбардын китеби 31, 31-32).* Ошондой эле Жеремия пайгамбардын китеби 31, 33-34-тү, Жезекиел пайгамбардын китеби 36, 25-28-ди караңыз.

**2. Күнөө көйгөйүн чечүү: ишеним жана кун төлөөчү кан аркылуу иш жүзүнө ашат.**

Күнөө көйгөйү ишеним аркылуу чечилерин Ыйык Жазуудан окуй алабыз. Адам Кудайдын убадаларына таянып, Анын ырайым кылуусун суранат. 129-забурда (5-8) так ошол тууралуу жазылган: *«Мен Теңирден үмүттөнөм, жаным үмүттөнөт. Мен Анын сөзүнө таянам. Менин жаным Теңирди таңдын атышын күткөн сакчылардан да, таңдын атышын күткөн сакчылардан да артык күтөт. Ысрайыл эли Теңирге таянсын, анткени Теңирде ырайым жана толук куткарылуу бар. Ал Ысрайыл элин бардык мыйзамсыз иштеринен куткарат».*

Хабакук ушул ишеним жөнүндө, бизге Өмүр тартуулай турган Кудайга болгон ишеним тууралуу айткан: *«...ал эми адил адам өз ишеними менен тирүү болот» (Хабакук пайгамбардын китеби 2, 4).* Ошондой эле Ышайа пайгамбардын китеби 26, 3-4-тү караңыз.

Бул жерде кандай ишеним болбосун жарайт деп айтылган жок, Ысрайылдын Кудайына болгон ишеним тууралуу гана айтылып жатат, анткени ыйык, чыныгы Кудайдын алдында бизди ал гана актайт. Так ушул ишеним биздин Ыбрайым атабызды куткарып калган. *«Ыбрам Теңирге ишенди. Теңир анын ишенимин ага адилдик катары эсептеди» (Мусанын биринчи китеби: Башталыш 15, 6).*



Бирок бизге сөзсүз керек болгон дагы бир нерсе бар. Тээ байыркы замандан бери эле жаныбарды курмандыкка алып келүү ишенген адамдардын жашоосунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Башталыш китебинин төртүнчү бөлүмүндө Абыл (4-аят), Нух сегизинчи бөлүмдө (20-21-аяттар), Ыбрайым он экинчи бөлүмдө (7-8-аяттар) жана он үчүнчү бөлүмдө (4-18-аяттар) Ыскак жыйырма алтынчы бөлүмдө (25-аят), Жакып — отуз үчүнчү бөлүмдө (20-аят) ушундай курмандык алып келген.

Так ушул жерде, Иерусалимде, Мориа тоосунда, Ыбрайым менен Ыскак бирөөнүн ордуна курмандык болуу зарылчылыгы жөнүндө эстен кеткис сабак алышты. Кудай Ыскактын ордуна курмандыкка чалууга кочкорду жиберди (Мусанын биринчи китеби: Башталыш 22, 8-13).

Көп жылдардан кийин Ыскакты курмандыкка чалуу окуясы болуп өткөн жерде ийбадаткана курулган (Экинчи Жылнаама китеби 3, 1). Курмандыктын, Пасах козусунун каны — Кудай элинин мисир кулчулугунан куткарылуу тарыхындагы чечүүчү нерсе болуп калды.


*«Теңир Мисирди кыйратуу үчүн бара жатканда, эшигиңердин маңдайчасы менен эки кашегиндеги канды көрүп, кыя өтүп кетет, кыйратуу үчүн келе жаткан кыйратуучуну силердин үйүңөргө киргизбейт» (Мусанын экинчи китеби: Мисирден Чыгуу 12, 23).*



Кийинчерээк, Кудай Муса аркылуу өз элине курмандыктардын бүтүндөй түзүлүшүн берип, аларды аткарууну осуяттаган. Бул тууралуу Лебилер китебинин беттеринде кенен айтылат.

*«Анткени дененин жаны — каны. Силердин жаныңарды күнөөдөн тазартуу үчүн, Мен ал канды курмандык чалынуучу жайга дайындагам, анткени ал кан жанды тазартат» (Мусанын үчүнчү китеби: Лебилер 17, 11).* Кудай эмне үчүн Өз элинен жаныбарларды өлтүрүп турууну талап кылган?

Бирөөнүн күнөөсү үчүн өлгөн айыпсыз жаныбардын кантип кыйналып жатканын көргөн курмандык алып келген адам өзүнүн күнөөсүнүн канчалык жийиркеничтүү экенин эле түшүнүп тим болбостон, кандай жазага татыктуу болгонун да түшүнгөн. Курмандык алып келүү Кудайдын ыйыктыгы менен адилеттигин да көрсөтүп турган. Ал күнөөгө көз жумбайт жана мыйзамсыздыкка жол бербейт. Бул курмандыктар Кудайдын ыйыктыгын эле күбөлөндүрбөстөн жана Анын күнөөкөргө болгон боорукердиги менен ырайымын да күбөлөндүрүп турган. Күнөөсүн моюнга алып, кылган иши үчүн бүт жүрөгү менен өкүнгөн адамды Кудай кечирген, анын ордуна айыпсыз жаныбар өлгөн.






Бирок азыркы учурда курмандык чалынбайт.

Анда биз кантип куткарылабыз? Кудай бүгүн биздин күнөөбүздү Өз мойнуна алчу кандай курмандыкты кабыл алат?

**3. Жол бар! Бизди куткара турган курмандык үчүн Кудай Өзү кам көргөн. Буга ишениңиз!**

Биздин күнөөлөрүбүз үчүн Өзүн курмандык кыла турган Инсан тууралуу Ышайа пайгамбар айткан. Жаныбарларды курмандыкка алып келүү чыныгы курмандыктын үлгүсү катары убактылуу эле берилген. Ал эми пайгамбар жазган Инсан бардык учурда кун төлөөчү курмандык болуп калат. Биз Ал аркылуу куткарылабыз.

*«Бирок Ал биздин күнөөлөрүбүз үчүн жарадар болду, биздин мыйзамсыздыктарыбыз үчүн кыйналды. Бизге тынчтык болуш үчүн, Ал жазага тартылды, биз Анын жарааты менен айыктык. Биз баарыбыз койлордой болуп адашып жүрдүк, ар кимибиз өз жолубузга бурулуп кеттик, ошондо Теңир баарыбыздын күнөөлөрүбүздү Анын мойнуна жүктөдү».*

*«...Анткени Ал тирүүлөрдүн жеринен бөлүнүп алынды, Менин элимдин кылмыштары үчүн Өлүм жазасына тартылды».*

*«Өз жанын айып үчүн алынуучу курмандыкка чалгандан кийин, Ал узак жашаган укум-тукумун көрөт...»* (узак жашаган укум-тукум — Ал куткара турган көп эл).

*«Менин адилет Кулум көп адамдарды актайт, алардын күнөөлөрүн Өз мойнуна көтөрөт».*

*«Анткени Ал Өз жанын өлүмгө кыйды, кылмышкер*

*катары эсептелди, көптөрдүн күнөөсүн Өз мойнуна алды, кылмышкерлер үчүн арачы болду» (Ышайа пайгамбардын китебинин 53-бөлүмүнөн алынган аяттар: 5-6, 8, 10-12).*

Машайак деген ушул, ал Даниел пайгамбардын китебине ылайык, өлүшү керек болчу (Даниел пайгамбардын китеби 9, 26). Бул Машайак тууралуу биз Ышайа пайгамбардын китебинин 42-49-бөлүмдөрүнөн окуйбуз. Кудай Ал тууралуу мындай дейт: *«Сени эл үчүн келишим кылып коём, бутпарастар үчүн жарык кылып коём. Сокурлардын көзүн ачыш, үчүн туткундарды камактан чыгарыш, үчүн караңгыда отургандарды зындандан чыгарыш үчүн ошентем» (Ышайа пайгамбардын китеби 42, 6-7).* Ошондой эле: *«Менин куткаруум жер кыйырына жетиш үчүн, Мен Сени элдер үчүн жарык кылам» (Ышайа пайгамбардын китеби 49, 6).*

Машайак «эл үчүн келишим» болот (Ышайа пайгамбардын китеби 42, 6). Машайак аркылуу Жаңы Келишим түзүлөт, анын максаты — күнөө көйгөйүн биротоло чечүү (Жеремия пайгамбардын китеби 31, 31). Машайактын курмандыгы — бул келишимдин негизи болуп саналат.

Ыйык Жазуудан Машайак тууралуу көптөгөн башка пайгамбарчылыктарды да таба алабыз. Алардын кээ бирөөлөрү төмөнкүлөр:

• Машайак Дөөт падышага окшош болушу керек (Жеремия пайгамбардын китеби 23, 5-6).

• Машайак Бейт-Лехемде төрөлүшү керек (Михей пайгамбардын китеби 5, 2).



• Машайак Галилеяга келиши керек (Ышайа пайгамбардын китеби 9, 1-2).

• Ал жердик жана түбөлүктүүлүк, Ал — Кудай жана адам (Михей пайгамбардын китеби 5, 2; Жеремия пайгамбардын китеби 23, 5-6; Ышайа пайгамбардын китеби 9, 6-7).

• Машайак жек көрүндү болуп, өз элинен четке кагылат (Забур 21, 7; Ышайа пайгамбардын китеби 49, 7; 53, 3).

• Машайак катуу азап чегет, бирок Кудай Аны көтөрөт, мунун натыйжасында көп адамдар Кудайга кайрылат (Забур 21, 28). Бул тууралуу 21-забурда жазылган, аны окуп чыгыңыз.

• Машайак өлөт (Ышайа пайгамбардын китеби 53, 8), бирок кайра тирилет жана жашайт (Ышайа пайгамбардын китеби 53, 10, 15-забурдун 10-аяты менен да салыштыр).

• Ыйса Машайак экинчи ийбадаткана талкаланганга чейин өлөт, башкача айтканда, биздин доордун 70-жылына чейин.

Бул ким, биздин Машайак ким?

Эгер биз пайгамбарчылыктарды эч кандай жаман ойсуз, чынчылдык менен изилдесек, Назареттен чыккан Ыйса гана Машайак боло алмак. Ал жогоруда келтирилген пайгамбарчылыктардын баарын аткарып, ошондой эле Ыйык Жазууда жазылган көптөгөн башка пайгамбарчылыктарды да аткарган. Жаңы Келишим китептери — Ыйса Машайактын жашоосу жана иштери жөнүндө тарыхый далилдер, ал ошол учурдагы окуяны Өз көзү менен көргөн кишилердин сөздөрүнө негизделген (Лука жазган Жакшы Кабар 1, 1-3; Жакан



жазган Жакшы Кабар 19, 35; Корунттуктарга жазылган биринчи кат 15, 1-9).

Ыйса биз үчүн өлүмгө жанын кыйып, биз үчүн ыйык курмандык болуп калды (Ышайа пайгамбардын китеби 53, 10). Ал Ыбрайым баласынын ордуна чалынуучу курмандык зарыл экенин түшүнгөн жердин жанында (Мусанын биринчи китеби: Башталыш 22), Иерусалимде айкаш жыгачка кадалып, коркунучтуу өлүмдү башынан кечиргенде, ошол курмандык болду (Матай жазган Жакшы Кабар 27, 33-55). Кудай ошондой курмандык жөнүндө кайрадан кам көрдү, бул жолу ал бүт дүйнө үчүн курмандыкты тапты!




Ыйса Машайак — Кудай-Теңир тандап алган ысрайыл элинин жана бүт дүйнөнүн бардык элдеринин үмүтү! Ал жөнүндө Жаңы Келишимдин китептери мындай дешет: *«Бул — Кудайдын курмандык Козусу, Ал дүйнөнүн күнөөсүн Өз мойнуна алат» (Жакан жазган Жакшы Кабар 1, 29).*

*«Кудай Өзүнүн чыдамдуулугу убагында мурунку кылынган күнөөлөрдү кечирүү аркылуу Өзүнүн адилеттүүлүгүн көрсөтүү үчүн, Машайактын төгүлгөн канын ырайым курмандыгы катары ишеним аркылуу сунуш кылды» (Римдиктерге жазылган кат 3, 25).*



Биздин күнөөкөрлүк көйгөйүбүздү чечүүнүн жалгыз жолу — Ыйсага ишенүү жана анын биз үчүн кылган курмандыгын кабыл алуу. Ыйса Өзү мындай деген: *«Жол, чындык жана өмүр Менмин. Атама Мен аркылуу гана барууга болот, Менсиз эч ким бара албайт» (Жакан жазган Жакшы Кабар 14, 6).*

**4. Жаңы жашоо жана Машайакка үмүттөнүү.**

Биз Кудайга бүт жүрөгүбүздөн кайрылып, Машайактан толук үмүттөнсөк, Жаңы Келишим жашообузга таасир берип, өзгөртөт. Биз күнөөлөрүбүздөн толук кечирим алабыз жана Кудайдын биздин жашообузга койгон максаты жүзөгө ашат.

*«...алардын Кудайы болом, алар болсо Менин элим болот» (Жеремия пайгамбардын китеби 31, 33).*

Кудай бизди Өз үй-бүлөсүнө кабыл алат, Жаңы Келишимде жазылгандай, биз Анын уул-кыздары болуп калабыз: *«Ал эми Аны кабыл алып, Ага ишенгендерге Кудайдын балдары болуу бийлиги берилди» (Жакан жазган Жакшы Кабар 1, 12).*

Андан сырткары, биз Машайакты кабыл алып, Ага таянганыбызда, Кудай биздин жашообузга кирип, Ыйык Руху менен жүрөктөрүбүздө түбөлүк жашайт. Анын Руху биздин жүрөгүбүздө Машайак аркылуу төгүлгөн Кудайдын улуу сүйүүсүн ачып берет (Римдиктерге жазылган кат 5, 5; Эфестиктерге жазылган кат 3, 16-19). Кудайдын Руху бизге Кудайдын эркин аткарууга каалоо жана күч берет. Кудай Жезекиел пайгамбар аркылуу так ушул тууралуу айтат: *«Силерге жаңы жүрөк берем, ичиңерге жаңы рух салам. Силердин денеңерден таш жүрөктү алып салып, эт жүрөк*

*берем. Силердин ичиңерге Өз рухумду салам, силерди Менин мыйзамдарым менен жүргүдөй, Менин буйруктарымды сактагыдай жана аткаргыдай кылам» (Жезекиел пайгамбардын китеби 36, 26-27).*

Жаңы Келишимде да так ошол эле нерсе жазылган: *«Ошентип, ким Машайактын ичинде болсо, ал — жаңы адам. Мурункунун баары өтүп кетти, азыр баары жаңы болду» (Корунттуктарга жазылган экинчи кат 5, 17).*

Кудай Рухунун бизде иштөөсүнүн натыйжасында биздин жашоо образыбыз жана жүрүш-турушубуз өзгөрөт жана Машайактыкына окшошо баштайт. *«Рухтун жемиши болсо булар: сүйүү, кубаныч, тынчтык, чыдамдуулук, ак көңүлдүк, боорукердик, ишенимдүүлүк, момундук, өзүн өзү токтото билүү» (Галатиялыктарга жазылган кат 5, 22-23).*

Ыйсанын аркасынан күнөөлөрүбүз кечирилгенден кийин, кандай кырдаалда болбосун, учурдагы жана келечектеги жашообузга карата бекем ишеним жаралат: *«Анткени Кудайдын Теңирибиз Машайак Ыйса аркылуу көрсөткөн сүйүүсүнөн бизди өлүм да, өмүр да, периштелер да, жогоркулар да, күчтөр да, азыркы учур да, келечек да, бийиктик да, тереңдик да, жаратылган эч бир нерсе ажырата албастыгына толук ишенемин» (Римдиктерге жазылган кат 8, 38-39).*

Ыйса Машайак менен биз коопсузбуз жана бул ишеним — түбөлүктүү.

Ыйык Жазууда Машайактын азап чегүүсү жана өлүмү жөнүндө пайгамбарчылыктардан кийин (Ышайа пайгамбардын китеби 53 бөлүм) дароо шаттыкка толгон бөлүм кетет (Ышайа пайгамбардын ки-



теби 54 бөлүм). Бул бөлүм эл күнөөсү үчүн жазаны Машайак Өзүнө алганын моюнга алгандан кийинки кубаныч менен тынчтыкты сүрөттөйт. Машайак — биз үчүн кымбат баа төлөгөн күн төлөөчү: «Ал жазага тартылды» (Ышайа пайгамбардын китеби 53, 5).

Мунун натыйжасында Иерусалимде «уулдарыңда улуу тынчтык болот» (Ышайа пайгамбардын китеби 54, 13).

Машайак ушул тынчтыкты орното турган күн келет, бирок биз бүгүн эле Ышайа айткан уул-кыздар боло алабыз.

Сиздин алдыңызда Жаңы Келишимдин китептери турат. Сиз алардан дүйнөнүн төрөсү болгон Ыйса тууралуу окуп-биле аласыз. Биз ушул китептерди окуп чыгышыңызды сунуш кылабыз, андан да маанилүүсү, Жаңы Келишимди ишеним менен кабыл алышыңызды суранабыз. Анткени Ышайа пайгамбардын төмөнкү сөздөрү жеке сизге тиешелүү болуп калышын каалайбыз: *«Тоолор жылат, дөңсөөлөр солкулдайт, бирок Менин ырайымым сенден четтебейт. Менин тынчтык келишимим бузулбайт»,— дейт сага ырайым кылуучу Теңир» (Ышайа пайгамбардын китеби 54, 10).*






Машайакка карай алгачкы кадам ташташ үчүн, сиздин кыскача сыйынууңуздун үлгүсү мындай:

*Кудай Теңир, Ыбрайым ишенген Кудай. Мен күнөөкөр экенимди жана өз күчүм менен ыйык жашап, Сенин эркиңди аткара албасымды моюнга алам. Күнөөлөрүм үчүн абдан өкүнөм жана кылган бардык жамандыктарым үчүн кечирим сурайм. Менин ордума өлгөн Ыйса Машайактын кун төлөөчү курмандыгына ишенем. Жашоомду Сенин боорукер колдоруңа тапшырып, мындан ары Сенин эркиңе ылайык жашагым келет. Сени жана менин жашоомо койгон планыңды жакшыраак тааныганга жардам берчи. Сүйүүң жана кечиримиң үчүн ыраазычылык билдирем. Куткаруучум жана Теңирим Ыйса Машайактын ысымынан сыйынам. Оомийин.*

www.gabbertijd.nl
is veranderd ALSO English